**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**М.РЫСКУЛБЕКОВ АТЫНДАГЫ**
**КЫРГЫЗ ЭКОНОМИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ**
**КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУ АКАДЕМИЯСЫ**

Д **08.17.543** диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда
**УДК 338.2 (575.2)**

**БОЗИЕВА ЗУХРА АХИЕВНА**

# Көмүскө экономика жана анын Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетинин калыптануусуна тийгизген таасири

08.00.05 – Экономика жана эл чарбачылыгын башкаруу
08.00.10 - Каржы, акча жүгүртүү жана насыя

Экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

Бишкек - 2017

Диссертациялык иш **Эл аралык башкаруу, укук, каржы жана бизнес академиясында** аткарылды

**Илимий жетекчи**: экономика илимдеринин доктору, профессор
**Орозбаева Аяткан**

**Расмий оппоненттер:** экономика илимдеринин доктору, профессор
**Самигуллин Эльдар Валиевич**

экономика илимдеринин кандидаты, доцент
**Эсенбеков Азамат Эсенбекович**

**Жетектөөчү мекеме:** Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин “Экономика” жана “Финансы” кафедралары
Бишкек ш. Жибек Жолу проспекти, 394

Диссертациялык иш 2017-жылдын 29-декабрда саат 14.00дө М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университети жана Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясынын алдындагы экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча уюштурулган Д 08.17.543 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот.

Дареги: 720033, Бишкек шаары, Тоголок Молдо көчөсү, 58.

Диссертациялык иш менен М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот.

Дареги: 720033, Бишкек шаары, Тоголок Молдо көчөсү, 58.

Автореферат 2017-жылдын 28-ноябрында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, экономика илимдеринин кандидаты, доцент** **Байтерекова Г.С.**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу**. Акыркы мезгилде республикадагы саясий туруктуулук улуттук экономиканын өнүгүүсү үчүн шарттарды түздү, бирок ата-мекендик экономиканын иштешинин башкы ички коркунуч болуп, салыктын азайышына карабастан, көмүскө экономикалык мамилелеринин кеңейүүсү болууда.

Ошондуктан көмүскө экономиканын масштабын аныктоо, алдын алуу жана жоюу Кыргыз Республикасынын учурдагы экономикалык саясатынын негизгилеринен болуп саналат. Кыргызстандын экономикасын өнүктүрүүдө бул проблеманы чечүү илимий-практикалык мааниге ээ. Демек, көмүскө экономиканын көйгөйлөрүн окуп-үйрөнүү жана изилдөө, анын теориялык жана практикалык аспектилерин, маңызын, пайда болуу себептерин жана көптөгөн башка маселелерди изилдөө бүгүнкү күндө актуалдуу. Көмүскө экономиканын теориялык-методикалык жана методологиялык көйгөйлөрүн жетишсиз иштелип чыгышы мамлекеттик бюджетке анын таасири, бул диссертациялык изилдөөнү тандап алууга шарттады.

**Изилдөө ишинин темасы ири илимий же негизги илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы:**

Диссертациянын темасы 2013-2017-жж. ичинде Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүктүрүү Улуттук стратегиясы, 2015-2017-жж. Кыргыз Республикасынын Экономика министирлигинин Коррупцияга каршы стратегиясы, 2020-ж. Кыргыз Республикасынын экономикалык өнүктүрүү инновациялык модернизациялоо стратегиясы менен, о.э. ЭБУКжБАнын “Каржы жана насыя” кафедрасынын – “Экономиканын заманбап маселелери” аттуу илимий багыттагы темасы менен байланышкан.

**Изилдөөнүн максаты менен милдеттери**. Диссертациялык изилдөөнүн максаты болуп, көмүскө экономиканын көйгөйлөрүн чечүүнүн теориялык-методикалык негизделиши жана КРнын бюджетине тийгизген таасирин баалоо боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

Максатка жетүү үчүн төмөнкү милдеттер коюлган:

- көмүскө экономиканы теориялык аспектилерин, анын маани-маңызы, мазмунун, келип чыгуу өбөлгөлөрүн изилдөө;
- көмүскө экономиканын келип чыгышы менен өнүгүшүнө шарт түзгөн факторлорду аныктоо;
- көмүскө экономиканын деңгээлин аныктоо боюнча болгон мамилелерди жалпылоо;
- Кыргыз Республикасындагы көмүскө экономиканын деңгээлине талдоо жүргүзүү, көмүскө экономиканын КРнын бюджетинин калыптанышына таасирин изилдөө;
- көмүскө коррупциялык схемаларды аныктоо жана кыскартуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

- республиканын мамлекеттик бюджетин көбөйтүүнүн жолдорун негиздөө.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

- ата-мекендик жана чет өлкөлүк адабияттарды талдоо менен көмүскө экономиканын көйгөйлөрүн изилдөөнүн теориялык мамилелери жалпылаштырылды;
- "көмүскө экономика" түшүнүгүн тактоо өлкөнүн улуттук коопсуздугу болгон өлкөнүн бюджетине, экономикасына, коомуна экономикалык зыян келтирүүчү негизсиз пайданы мүнөздөгөн, өзүнүн ичине көптөгөн ишмердүүлүктү камтыган экономикалык көрүнүш экенидиги аныкталды;
- Көмүскө экономика ишмердүүлүгүнүн келип чыгышынын жана өнүгүшүнүн негизги факторлорун аныкталды;
- көмүскө экономикалык ишмердүүлүктүн келип чыгуу, өнүктүрүү шарттары жана факторлору ачылды;
- координация, маалыматтык камсыздоо, закон чыгаруу демилгелери, көзөмөлдөө, пландоо, уюштуруу, божомолдоо функциялары милдетине кирген көз карандысыз органы «Көз карандысыз эксперттер ассоциациясын» уюштуруу сунушталган;
- көмүскө экономиканы кыскартуу боюнча экономикалык, социалдык, тарбиялык, жазалоочу мамлекеттик иш-аракеттердин негизги багыттары жана чаралары сунушталды.

**Изилдөөдөн алынган натыйжалардын практикалык мааниси:**

Изилдөөдөн алынган натыйжалардын практикалык мааниси КРнын социалдык-экономикалык өнүктүрүүдө экономиканын кылмыштуулукка каршы программалары менен концепцияларын иштеп чыгууда укук коргоо органдарынын, министерстволордун, ведомстволордун жана башка кызыкдар болгон органдардын иштеринде колдонуусу мүмкүн экендигинде. Ошондой эле изилдөөнүн жыйынтыктары окутуу процессинде көмүскө экономикасынын көйгөйлөрү, мамлекеттик бюджет боюнча курстарды окутууда колдолунушу мүмкүн.

**Изилдөөдөн алынган натыйжалардын экономикалык мааниси** мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүнүн калыптанышына таасирин тийгизип, изилдөөдө берилген сунуш-талаптардын ишке ашышы.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

- Көмүскө экономиканы аныктоо менен кыскартуунун теориялык, методикалык жана прикладдык маселелеринин комплекси;
- Өлкөнүн мамлекеттик бюджетин тескери таасирин тийгизген көмүскө коррупциялык схемалардын жоюу үчүн тез иш-аракеттерди жана кыскартуу жолдорун колдонууну негиздөө, Кыргыз Республикасынын көмүскө экономика секторунун абалын талдоо жана баалоонун жыйынтыктары;
- Институциалдык, экономикалык, укуктук, техникалык, алдын алуучулук, көз карандысыз, мамлекеттик, жарандык секторлорду тартуу менен

көмүскө бизнес экономикасын кыскартууга иш-аракеттердин механизми менен куралдары;

- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетинин көбөйүшүнө шарт түзүүчү чаралар менен багыттардын комплекси.

**Изденүүчүнүн жеке салымы:** Кыргыз Республикасынын Каржы министирлигинин коррупцияга каршы иш-чараларанын планынын иштеп чыгууга катышкандыгы.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарын апробациялоо:** Изилдөө ишинин жыйынтыктары боюнча республикалык, эл аралык жана ЖОЖдор аралык илимий журналдарына, методикалык окуу куралдарында жарыяланды. Диссертация изилдөө төмөндөгүдөй журналдарда берилген:

- "Кыргызстандын туруктуу өнүгүшүнүн экономикалык жана укуктук негизин камсыздоонун көйгөйлөрү" республикалык илимий-практикалык конференцияда (БГИЭиК (КЭУ), 2003-ж.);
- "Базарга өтүү процессинде экономика" эл аралык илимий-практикалык конференцияда (КТУ "Манас"2003-ж.);
- "Базарга өтүү процессинде каржы саясат" эл аралык илимий-практикалык конференцияда (КТУ "Манас" 2004-ж.);
- «Кыргызстанда экономикалык өсүү бекемдигин жана социалдык туруктуулукту камсыздоо көйгөйлөрү» жогорку окуу жайлар аралык илимий-практикалык конференцияда (КЭУ, 2005-ж.);
- "Сапаттуу билим берүү - Кыргыз Республикасындагы социалдык-экономикалык реформаларды тездетүүнүн фундаменталдык негизи" жогорку окуу жайлар аралык илимий – практикалык конференцияда (ЭБУКжБА 2006-ж.);
- «Билим берүүдөгү нновациялар: көйгөйлөр жана чечүү жолдору» жогорку окуу жайлар аралык илимий-практикалык конференцияда (ЭБУКжБА 2007-ж.);
- "Кыргызстан Евразия экономикалык интеграция жолунда" эл аралык илимий-практикалык конференцияда, (КЭУ 2014-ж.);
- "Үзгүлтүксүз кесиптик билим берүү: теория жана практика" эл аралык илимий-практикалык конференцияда (Новосибирск ш., 2014).

**Диссертациянын жыйынтыктарынын толук жарыяланышы:** диссертациялык изилдөө негизинде 17 илимий эмгек, ошондой эле “Салык жана салык салуу” окуу китеби, “Мамлекеттик бюджет” окуу-методикалык комплекс, КР ЖАКтын талабына жооп берген атайын илимий журналдарда 8 макала жарыяланган.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү:** Диссертациялык изилдөө кириш бөлүмдөн, үч главадан, корутундудан, практикалык сунуштардан, 154 бет компьютердик тексттен, 130 колдонулган адабияттардан, 16 Жадыбалдан, 12 сүрөттөн турат.

# ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Киришүүдө теманын актуалдуулугу, мамлекеттик илимий программалар менен байланышы, максат-милдеттери аныкталып, иштин илимий жаңылыгы, экономикалык жана практикалык мааниси ачылды, ошондой эле диссертациялык изилдөөнүн теориялык жана методикалык негиздери жана жыйынтыктары негизделген.

Биринчи главада “**Көмүскө экономиканын көйгөйлөрүнө теориялык мамиле кылуу**” деп аталып, көмүскө экономиканын базар мамилелер шартында анын маанисин, маңызын жана ордун, анын келип чыгуу жана өнүгүү жолунун шарттарын жана факторлорун аныктап, экономиканын көмүскө секторлорунун деңгээлин аныктоонун методологиялык мамилелерин ата-мекендик жана чет өлкөлүк тажрыйбалар негизинде изилденди жана жалпылаштырылды.

Окумуштуулардын ар кайсы өлкөлөрүндүн, ошонун ичинде КМК (СНГ) өлкөлөрүнүн көмүскө экономиканын көйгөйлөрүн изилдөө мамлекеттин бюджетине, анын экономикасына, коомуна, экономикалык жана улуттук коопсуздугуна кандайдыр бир залалын тийгизген мамлекеттик эсептен жана көзөмөлдөн тышкары өнүккөн глобалдык масштабдагы көрүнүш – бул көмүскө экономика болушун күбөлөндүрөт. Ар кандай деңгээлдеги бюджетке акча түшүүлөрдү көбөйтүүнүн максаты экономиканын өндүрүү секторлорун кеңейтпесе, ИДӨнү чындап көбөйтпөсө жана салык чогултууну деңгээлин жогорулатпаса мүмкүн эмес. Айтылган маселени чечүүдө көмүскө ишмердүүлүк аябагандан тоскоолдук кылат. Товар жана кызмат өндүрүшүн, акча агымдарын мамлекеттин көзөмөлүнөн жашыруу, мамлекеттин бюджетин калыптандырган жеке жана юридикалык жактардан салыкты толук кандуу чогулта албашына шарт түзөт.

Көмүскө экономика ар кандай көрүнүштөргө ээ: байкалбаган, жашыруун, криминалдык, кара, жабык, боз, расмий эмес ж.б. Көмүскө ишмердүүлүк расмий экономика карата жалпылаштырылган жана кеңири жайылтылган түрү боюнча үч секторго бөлүнөт:

1. Экинчилик экономика (ак жакалуу).
2. Боз көмүскө экономика (формалдуу эмес).
3. Кара экономика (жабык).

Бул секторлор расмий экономика менен өз ара байланышы 1-чиймеде көрсөтүлгөн.




1-чийме. Көмүскө секторлордун негизиндеги экономика.

Көмүскө экономиканын теориялык проблемаларын изилдөө көмүскө экономика эмне экендигинин бир жактуу универсалдуу ой жок экенин көрсөттү. Ушуга байланыштуу "көмүскө экономика" деген түшүнүккө биз жалпыланган аныктама аракетин жасадык.

Көмүскө экономика - бул өлкөнүн бюджетине, анын экономикасына, коомуна жана аягында улуттук коопсуздугуна экономикалык зыян келтирген, негизсиз пайдаларды мүнөздөгөн, өзүнө ар кандай ишмердүүлүктүн түрлөрүн камтыган өзгөчө экономикалык категория жана экономикалык кубулуш.

Көмүскө экономика үч ири блоктордон турат: расмий эмес экономика, жасалма жана жабык экономика.

**Расмий эмес экономика**. Буга салыктан жашырылган кызмат, товар өндүрүштөрү расмий статистикадан эсепке алынбай турган рамкадагы мыйзамдуу уруксат берилген ишмердүүлүктүн түрлөрү кирет.

**Жасалма экономика** - бул акчаны алуу жана берүү менен байланышкан кошуп жазуулар, уурдоо, мыйзамсыз бүтүмдөр, паракорлук жана ар кандай түрдөгү алдамчылык.

**Жашыруун экономика** – бул нормативдик-укуктук актылары боюнча тыюу салынган (айрыкча мыйзамдар менен) экономикалык ишмердүүлүктүн түрлөрү.

Көмүскө экономика бардык деңгээлдерде жайылтылган: жашыруун, формалдуу эмес жана мыйзамсыз ишмердүүлүктүн формаларын кабыл алуу менен глобалдык деңгээлден баштап макро - жана микро -дон бүтөт. Ал (көмүскө экономика) коррупция, паракорлук, акчаларды адалдоо, спекуляция, рэкет, капиталдын башка өлкөлөргө же оффшорлорго ташып чыгаруу, искусство жана маданият предметтерин мыйзамсыз соода жүргүзүү, мыйзамсыз интеллектуалдык менчикке чыгаруу, компьютердик жол менен, экологиялык бузуулар менен жана башка көрүнүштөр түрүндө берилет.

Көмүскө экономиканын келип чыгуу булагы болуп, криминалдык, же криминалдык эмес мамилелердин түрлөрү менен шартталган.

Көмүскө экономиканы эң эле кеңири тарган түрү – бул салыктан кирешени жашыруу. Мамлекеттик секторлор болжолу он ишканадан тогузу салык инспекциясынан өзүнүн толук кирешесин же кандайдыр бир бөлүгүн жашырат.

Көмүскө экономиканын келип чыгышынын жана өнүгүшүнүн себеби белгилүү бир шарттар менен факторлордун таасиринин негизинде болот. Көмүскө экономиканын өнүгүшүнө ылайыктуу шарт, биздин оюбузча, мамлекеттин бир системадан экинчи бир экономикалык системага өтүшү; белгилүү бир жеке жактардын кызыкчылыгына мамлекеттик бийлик органдарынын баш ийиши; негизделбеген же жакшы иштелбеген мамлекеттик органдар тарабынан чечимдердин кабыл алынышы; мамлекет аралык жана улуттар аралык конфликтер; мамлекеттин ашыкча кийлигишүүсүнүн болуусу.

1991-жылдардагы реформалар эч нерседен токтотууга мүмкүн болбогон акча эмиссиясы (бааланбаган акча бонкнотторун чыгаруу) кеңири массага керек товарларга дефицитти пайда кылып, керектөөчү базарынын текшерилип көзөмөлгө алынбашына алып келген.

Көмүскө экономиканын өнүгүшүнө шарт түзгөн факторлор төмөнкүдөй болүп бөлүнөт:

**Экономикалык факторлор** – мамлекеттин экономикалык абалы, деңгээли артыкча өнүккөн чөйрөлөр; мамлекеттин эмгек ресурстары жумушчу орундар менен камсыздалышы; макроэкономиканын негизги көрсөткүчтөрүнүн мүнөздөмөлөрү; мамлекеттин каржы абалы; мамлекеттик бюджеттин калыптанышы жана анын киреше бөлүгү; мамлекеттин салык системасы жана экономиканын салык салуу деңгээли; жогорку салыктар жана социалдык бөлүктөрдүн чендери;

**Социалдык факторлор:** мамлекеттин калкынын жашоо деңгээли; бюджет чөйрөсүндө иштегендердин эмгек акысынын жана кирешесинин деңгээли; жумушсуздуктун деңгээли; калктын эмгекке жарамдуу бөлүгүнүн миграциясынын денгээли; медициналык кызмат көрсөтүү жана дарылоого төлөө;

**Укуктук мүнөздөгү факторлор төмөнкүчө мүнөздөлөт: м**амлекеттин ченемдик-укуктук базасынын начардыгы; укук органдарынын, өзгөчө алардын эмгек аксысынын шарттары; укук органынын иши, алардын даярдыгынын деңгээли; калктын укуктук аң-сезиминин жана укуктук маданиятынын деңгээли; өзгөчө ченемдик жоболордун көптүгү, ошончолук көмүскөгө өтүүгө стимул берип, өзгөчө мыйзамдардын жана административдик көзөмөлдүн ашыкчылыгы; бийлик институтутарына ишеничтин жоктугу; формалдуу менчик системасынын жеткиликтүү эместиги; так жеке менчик укуктарынын жоктугу.

**«Кыргыз Республикасында көмүскө экономиканын абалы жана анын мамлекеттик бюджетине тийгизген таасири»** деген экинчи главада Кыргыз Республикасында көмүскө экономиканы талдоо жанан баалоонун жыйынтыктары берилген. Коррупция – бул көмүскө бизнестин мамлекеттик

бюджеттин калыптанышына тескери таасирин тийгизгенин далилдеп, көмүскө экономиканын элементи катары изилденген.

Кыргыз Республикасында көмүскө экономика административдик система өзүн жоюп баштаганда, өзгөчө 80-жылдарда катуу өнүккөн. Көмүскө экономиканын тез өнүгүшүнө көптөгөн себептер бар, башкысы - бул өндүрүш, айыл чарба, транспорт, кен казып алуучу өндүрүш сыяктанган экономиканын толук же негизги бөлүктөрүнүн жоюлушуна алып келген экономиканы реформалоодо кетирилген каталар. Ушунун баары жумушсуздуктун жогорку деңгээлине, коомдун массалык бөлүнүшү, калктын көп бөлүгүн жакырдыкка, массалык миграцияга, салыктан жашыруунун жогорку деңгээлин жана ыйгарым укуктуу көзөмөл органдарынын коррупцияны кызматынын стили кылып алганына алып келген.

1.Жадыбал – 2011-2015-жылдар арасындагы жашыруун жана формалдуу эмес экономиканын параметрлери (ИДӨ %).

| | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 |
|---|---|---|---|---|---|
| Жашыруун жана формалдуу эмес өндүрүүдөн келип чыккан кошумча нарк (айыл чарбаны кошпогондо.), млрд. сом. | 55,8 | 61,7 | 70,5 | 92,8 | 102,3 |
| ИДӨгө %<br>жашыруун өндүрүү анын ичинде | 19,5<br>3,0 | 19,9<br>2,5 | 19,8<br>2,7 | 23,2<br>2,2 | 23,8<br>2,3 |

1- жадыбалда берилгендей, текшерилбеген (жышыруун же формалдуу эмес) экономиканын көлөмү өндүрүш тарабынан 55,8 млрд сомдон 102,3 млрд сомго чейин же 54,6 % га өстү, ал эми ИДӨ 19,5 тен 23,8%га же 4,3% өстү.




2-чийме 2011-2015-жылдар арасындагы жашыруун жана формалдуу эмес экономиканын динамикасы (ИДӨ %)

Булак: 2011-2015-ж.ичиндеги КР УСКнин маалыматынын негизинде автор иштеп чыккан.

Чиймеде көрүнүп тургандай, 2011-2015-жылдарды талдаганда ИДӨдө формалдуу эмес экономиканын үлүшү19,5%дан 23,8 %га же 4,3%га өскөнүн, бирок жашыруун өндүрүш 0,7%га ылдыйлаганы байкалды.




3-чийме. 2011-2015-жж. ИДӨгө % ы байкоого алынбаган экономиканын түзүмүнүн үлүшүнүн динамикасы
Булак: автор тарабынан иштелип чыккан

3-чиймеде көрсөтүлүп берилгендей, өлкөнүн ИДӨсүнүн негизги үлүшүн байкоого алынбаган экономиканын көптөгөн чөйрөсүн соода-сатык түзөт. Талдоого алынган убакыт ичинде 2011-жылы УС

УСЭнын жалпы түзүмүнөн соода-сатык 12,6%ды түзүп жана 2015-ж. 3,7%га өсүп, 16,3%ды түздү. Бул Кыргызстандагы соода-сатык тармагынын калыптангандыгын жана соода-сатык менен иш кылган бардык уюмдар менен жеке жактардын расмий эсепте кыйынчылыкта экендигин түшүндүрөт. Эң кичине үлүшүн мейманкана жана ресторандардын ишмердүүлүгү ээлейт, анын өсүшү 0,5%га.




4-чийме. Жалпы товар жүгүртүүдөн жашыруун сатыктын үлүшүнүн өзгөрүшүн талдоосу (млрд. сом менен)
Булак: автор тарабынан иштелип чыккан.

2011-2015-жж. товар жүгүртүү 4-чиймеде көрүнүп тургандай, 141,6 млрд. сомдон же 51,0% чейин жогорулаган, жашыруун сатыктын үлүшү талдоого алынган убакыт ичинде 44,5 млрд.сомго же 51,5%га жогорулаган. Товар жүгүртүү менен жашыруун сатыктын үлүшү бирдей өсөрүн айтат.

КРнын көмүскө экономикасынын деңгээли менен масштабын талдоонун жыйынтыгы боюнча, биз белгилүү бир мыйзамченемдүүлүктү түздүк: товарды иштетүү менен көмүскө экономиканын сатууну иштетүү жогорулайт.

2015-жылдын жыйынтыгы менен КР УСКнин алдын ала баалоосу боюнча экономикалык өсүү 103,5%ды, ИДӨнүн көлөмү болжолу 424 млрд.сомду түзүп жана мурунку жылга салыштырмалуу 3,5%га жогорулаган. 2016-жылдын жыйынтыгы менен КР ИДӨсү 458%ды түзүп, экономикалык өсүү – 103,8%га, мурунку жылга караганда 0,3%га жогору болуп, дефлятордун деңгээли 102,5% болду.

Дүйнөлүк банктын маалыматы боюнча көмүскө экономиканын деңгээли 53% түзүп, 200 млрд. сом – бул мамлекеттик көзөмөлү менен инспекциясы, КРнын Соцфонду менен каржы түзүмдөрү, мамлекеттик бардык социалдык уюмдары жок иштеп, мамлекеттик бюджетке чоң сумма кирбей калат.

«Көмүскөдөн» жарыкка жок дегенде чыныгы кирешенин жарымы чыгарылса, 20-25%га экономикалык өсүү болорун белгилеп кетүү керек. Эгерде көмүскө экономиканын деңгээли ИДӨдөн 40% болсо, анда бул өлкөнүн экономикасы көзөмөлгө алынбайт деп айтууга болот. Ошондуктан ата-мекендик бийлик экономисттери ылдыйлатылган сандарды тандашат. Башка экономисттер, тескерисинче, көмүскө экономиканын өлчөмү 70%га жакын дешет.

Коррупция көмүскө экономиканын элементи болуп эсептелет. Коррупциянын жыйынтыгы болуп: көмүскө экономиканын өсүшү; базардын атаандаштык механизмин бузулушу; мамлекеттин бюджеттик проблемаларын ого бетер татаалдаштырган, бюджеттик каражаттардын туура эмес колдолунушу.

Эл аралык «Transparency International» уюму коррупцияны кабылдоосу боюнча жылына чыгуучу Индексин чыгарган, анда Кыргызстан 2016-жылы 176 өлкөнүн ичинен 136-орунду алган жана 100 баллдын ичинен 28 балл алган.

2.Жадыбал - Кээ бир эл аралык рейтингдерде Кыргызстандын абалы

| **Рейтинг, уюмдар** | **Кыргыз Республикасынын рейтинги** | **Рейтингге киргизилген өлкөлөрдүн жалпы саны** |
|---|---|---|
| «Бизнес жүргүзүү» 2015-ж., Дүйнөлүк банк | 102 (99 2014-ж.) | 189 |
| Экономикалык эркиндиктин индекси, 2015-ж., «Heritage Foundation» | 82 | 178 |
| Глобалдык атаандаштык мүмкүнчүлүгүнүн индекси, 2014-2015-жж., Дүйнөлүк экономикалык форум: | 108 | 144 |
| - Мамлекеттик жөнгө салуу жүгү | 87 | 144 |
| - Менчик укуктарын коргоо | 128 | 144 |
| - Өзгөчө төлөмдөр жана пара | 132 | 144 |
| - Ачык мамлекеттик саясат | 82 | 144 |
| - бажы процедураларынын жүгү | 109 | 144 |
| − сот системасынын көз карандысыздыгы | 119 | 144 |

*Булак: Эл аралык уюм «Transparency International»*

Дүйнөлүк банктын «Бизнес жүргүзүү 2015» (DoingBusiness 2015) индексинде Кыргызстандын рейтинги 2-жадыбалда 2014-жылга караганда алда канча ылдыйлаган.

3.Жадыбал - КРнын 2011-2015-жж.мамлекеттик бюджетинин киреше, чыгашалары менен дефицити

| | **2011** | **2012** | **2013** | **2014** | **2015** |
|---|---|---|---|---|---|
| Киреше | 77 880,4 | 87 008,1 | 101 940,8 | 119 428,1 | 128 422,9 |
| Чыгаша | 91 544,1 | 107 240,4 | 104 271,3 | 121 303,7 | 134 572,2 |
| Акча каражаттарынын дефицити (-), профицити | -13 663,7 | -20 232,3 | -2 330,5 | -1 875,6 | -6149,3 |

*Булак: 2015-ж. Кыргыз Республикасынын Финансы министирлигинин Борбордук казынасы менен УСКнын маалыматы боюнча автор тарбынан түзүлгөн.*

3-жадыбалда көрүнүп тургандай, 2015-жылы алынган мамлекеттик бюджеттин жалпы кирешеси 2011-жылга салыштырмалуу 128 млрд. сомдон көптү түзүп, 1,6 же 39,4%га өстү.

2015-жылы мамлекеттик бюджеттин чыгашасы 134 млрд. сомду түзүп, 2011-жылдан 1,5 эсе жогору болду.

Мамлекеттик бюджет беш жылдын ичинде акча каражаттарынын дефицити менен аткарылып келет.




5 - чийме. ИДӨдө мамлекеттик бюджеттин үлүшү (ИДӨ %)

Булак: автор тарабынан иштелип чыккан.

5-чиймеде көрсөтүлгөндөй, 2011-жылга салыштырмалуу мамлекеттик бюджеттин ИДӨдөгү үлүшү 2,8%га өсүп жана 29,8% түздү, чыгашалар 0,7%га кыскарып, 31,3%ды түздү.

Экономиканын өнөр жай тармагынын өнүгүшүндө, салыктарды мобилизациялоо деңгээлин көбөйтүү жана ИДӨнүн иш жүзүндөгү өсүшүндө акчалай төлөмдөрдүн өстүрүүнүн проблемалары бюджеттин ар кандай деңгээли мүмкүн эмес. Кыргызстанда бюджеттин дефицитинин негизги себептери болуп: ишке ашпаган ашыкча социалдык программалар; чоң масштабда «көмүскө» капиталдын жүгүртүү; бюджеттик дефициттин мүмкүн болгон себептери дагы чоң өндүрүш чыгымдары, каттоолор, уурдоо, продукциянын өндүрүмдүүлүгүн жоготуу ж.б. коомдук эсепке алынбагандар көп маселелерди айтууга болот.

Көмүскө экономикага таасир кылуу жана жайылтуунун деңгээли мыйзамдуу бизнестин иштешине тоскоолдук болуп турган стадияда турат, ошону менен атаандаштык өбөлгөлөрдү туудуруп келет. Мындан сырткары,

мамлекеттеги коррупциялык факторлор көмүскө экономиканын курамын түзүп келет.

**«Көмүскө экономиканын масштабын кыскартуу жолдору жана анын Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетинин калыптанышына тийгизген таасири»** деген үчүнчү главада өлкөнүн мамлекеттик бюджетин көбөйтүп, көмүскө экономикалык секторлорду кыскартуу үчүн багыттары, жолдору, механизмдери менен чаралары берилген.

Көмүскө экономиканы кыскартуунун негизги багыттары менен чаралары булар:

- көмүскө кирешелерди аныктаган жана аны кыскартуу боюнча ачык иш жүргүзгөн көз карандысыз түзүмдөрдү түзүү;
- мамлекеттик башкаруу менен экономиканы, анын бир бөлүгү болгон «көмүскөнү» көзөмөлдөөнүн натыйжалуулугу;
- экономиканын көмүскө секторунун кыскартууга мамлекеттин жана анын органдарынын иш-аракетеринин таасири;
- ЕАЭСтин жана эл аралык талаптарга жооп берген ачык бажы саясаты;
- укуктук тартип чаралары;
- көмүскө экономиканын кыскартуунун институттук-уюштуруучулук механизмдери;
- иш-аркеттердин техникалык чаралары;
- алдын алуучу иш-аракеттер.

Кыргыз Республикасынын кээ бир жогору жактагы чиновниктери, депутаттары жана башка өкүлдөрү көмүскө бизнеске көмөктөш жана аны иштетүүгө активдүү аракет кылышат. Ошондуктан көмүскө бизнести көзөмөлдөө көз карандысыз жарандык коомдун өкүлдөрү иш алып барышы мүмкүн болот: биринчиден, юриспруденция боюнча өнүккөн мамлекеттерден билим алган жаш муундагы көз карандысыз эксперттер. Бугүнкү күндүн шартында Кыргызстанда көмүскө экномиканы жана аны мыйзамдаштыруу боюнча багытта иштеген көз карандысыз координациялык-көзөмөлдөө органын түзүү зарыл экендиги көрүнүп турат. Кыргыз Республикасында көмүскө экономиканы абалын байкоо жана аны кыскартуу үчүн «Көз карандысыз эксперттер ассоциациясын» түзүү зарыл. Мындай түзүмдөрдү түзүү үчүн, кайсы каражатка түзүү керек деген суроо келип чыгат. Мамлекеттик бюджетте мындай органды түзүүгө каражат жок. Мындай орган мамлекеттик эмес орган болуш керек деп ойлойбуз. Ал эл аралык стандарттарга жооп берген, аткарылган жумушунан каражат таап, ченемдик-мыйзамдык базанын негизинде иштеп, бардык жагынан көз карандысыз болуш керек. Айтылган «........ассоциациясынын» кызматкерлерине төлөнүүчү каражат көмүскө экономика менен коррупциялык схемалар кандай деңгээлде экендигин аныктап, ошонун негизинде каражат табылмакчы.

«Көз карандысыз эксперттер ассоциациясын» ишине координациялоочу элементтер, маалыматтык камсыздоо, мыйзам чыгаруучулук демилгелер, көзөмөлдөө иштери, пландоо иштери, уюштуруу, божомолдоо ж.б. иштерди алып баруучу органдар менен болуш керек. Бул түзүм өзү менен бирге кызыкдар болгон органдар менен биргеликте иштеп, «Көмүскө экономикага карата иш-аракеттердин программасы жана аны тездетүү» деген программасын иштеп чыгышы керек.

Ушунун бирге Кыргыз Республикасы көмүскө экономиканы кыскартуу үчүн экинчи тараптагы маселе болбостон, иш-аракеттердин мамлекеттик механизмдерин тездетүү керек. Түз мамлекеттик жөнгө салуу менен кыйыр көзөмөлдөө аркылуу мамлекеттик иш-аракеттердин механизмин иш ашырса болот. Өлкөнүн экономикасынын тигил же бул тармагында көмүскө кирешени кыскартуу боюнча КР Президентинин Указы, Өкмөттүн токтому, мамлекеттик жана ведомстволук приказдар менен түз мамлекеттик жөнгө салууну ишке ашырса болот. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши болгон мамлекеттик бийлик атынан көмүскө экономика чөйрөсүндө ченемдик-мыйзам чыгаруучу базасын жөнгө салуучу мамилелерди керек учурда өзгөртүп, толуктап, жакшыртып туруу керек.

Көмүскө экономиканын көйгөйлөрүн изилдеген көпчүлүк окумуштуулар, аны аныктоо жана кыскартуу боюнча мамлекеттик иш-аракеттери – бул экономикалык, социалдык, жазалоочу жана тарбиялоочу айкалышта болушу керек деген ою бирдей. Кыргыз Республикасынын шартында бул иш-чараларды колдонуу керек.

Биздин өлкөнүн мамлекеттик экономикалык иш-чаралары, биздин оюбузча, ар башкача:

Биринчиден, мамлекет кыска убакыттын ичинде экономиканын тармактарын (жаңы башкаруу системасына өтүүдө катуу талкаланган) ишканалар менен өндүрүштү, уюмдар менен жаңы жумушчу орундарды түзүү, чыныгы атаандаштык чөйрөнү калыптандырып кайра иштетүүгө шарт түзүшү керек.

Экинчиден, Казахстан Республикасы менен Кыргыз Республикасынын ортосундагы татаал экономикалык мамилелер көп сандаган жүктөрдү жана товарлардын чек арада топтолушу көмүскө экономиканын кээ бир аспектилерин аныктады, өзгөчө чоң өлчөмдө көмүскө кирешенин болушуна шарт түзгөн Кыргызстандын бажы көзөмөлүндө чоң эреже бузуулардын болушу көптөгөн суроолорду туудуруп жана тыянак чыгарууну алып келди. Ушуга байланыштуу, биз азыр иштеп жаткан Кыргыз Республикасындагы бажы саясаты түп тамыры менен өзгөрүшү керек деп ойлойбуз.

Социалдык аспектиде мамлекеттин иш-аракеттери аябагандай маанилүү. Кыргыз Республикасы үчүн мамлекеттин иш-аракеттерин колдонуу маанилүү болуп, социалдык саясат көптөгөн көйгөйлөргө жана аны ишке ашыруу дайыма эле натыйжалуу болбойт. Анткени республикада терең коомдук социалдык дифференцияга орун берилген, ал жакыр калктын жана анча көп эмес өтө бай калктын көлөмүндө (30-32%) көрсөтүлүп, жумушчу орунду жана республиканын калкын иш менен камсыздандыра турган социалдык-багыттоочу саясатты иштеп чыгуу керек болот. Ошондо көмүскө экономикага кетүүнү жок кылып жана начар жашагандардын көлөмүн азайтып, эмгек мамилелеринин системасын өзгөртүп, доктурлардын, мугалимдердин, окумуштуулардын жана башка социалдык секторлордун жумушчуларынын эмгек акыларын көбөйтүүгө болот эле.

6-чийме мүнөздөгөндөй, көмүскө экономикага каршы таасир этүүчү, мамлекеттин экономикалык кызыкчылыгын жөнгө салуучу, бизнес менен калкты, ишкердүүлүктү өнүктүрүүгө болгон ыңгайлуу шарттарды түзүү максатында натыйжалуу иш-чараларды иштеп чыгууну талап кылат.




6- чийме. КРда көмүскө экономиканы мамлекеттик жөнгө салуучу иш-аракеттерин модернизациялоонун түзүмү.
Булак: автор тарабынан иштелип чыккан

*Салык чөйрөсү каржы коопсуздугунан бөлүнбөгөн элемент* жана мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүнүн негизги булагы болгон натыйжалуу салык системасынын иштеши - болуп жаткан социалдык жана экономикалык процесстердин негизги аспабы жана таасир этүүчү механизми болмокчу. Ата-мекендик ишкерлердин товар өндүрүү жана кызматты көбөйтүүгө себепкер болуп, жакшы иштелип чыккан салык системасы аркылуу салык саясаты ишке ашат; салык салуунун принциптерин сактоодо салык салуучу базанын кеңейишине шарт түзүп, бюджетке акча толукталуу менен ИДӨ, экономика өсөт.

Мамлекет тарабынан болгон көзөмөлдөн айланып өтүп жана көмүскө экономиканын ишмердүүлүгүнө таасирине көбүрөөк дуушар – бул салык чөйрөсү менен бюджет. Көмүскө өндүрүүчүлөрдүн салыктан баш тартуусу бюджеттин киреше бөлүгүн бир кыйла азайтып, мамлекеттик ири программалар менен иш-чаралар ишке ашпай, коомдун социалдык дифференцияланышына шарт түзөт, экономикалык туруктуулукту жана өсүүнү токтотот. Салык чогултуу аз болгондуктан, салыктын жүгүн айла жоктон башка чарбачылык субъектилерге жүктөп, жоопкерчиликтүү салык төлөөчүлөрдү «көмүскөгө кетүүгө» аргасыз кылат.

Ушул себептен, экономикалык субъектилердин мыйзамдуу ишмердүүлүгүн стимулдаштыруу үчүн салык чөйрөсү менен бюджетти жөнгө салуу боюнча төмөнкүдөй чараларды сунуштадык:

- бажы көзөмөлүнүн системасын оптималдаштыруу жана техникалык жактан модернизациялоо ( чет өлкөлүк тажрыйбанын негизинде үч коридор кароосун киргизүү: «жашыл» - текшерүүсү жок; «сары» - документалдык кароо; «кызыл» - документалдык кылдат текшерүү жана товарларды кароо; бул күтүү убакытын азайтат жана эл аралык стандарттарга жооп берет);
- салык салууну башкарууну оптималдаштыруу (чакан жана орто ишмердүүлүгүнүн кыйыр салык субъектилери үчүн, салык боюнча отчетту берүүнүн мезгилдүүлүгүн кыскартуу; КНС (НДС) чендери жана пайдага коюлган салык азайтылганына карабастан, КР Дүйнөлүк банктын «Бизнес жүргүзүү» рейтингинде «Салык төлөмдөр» позициясы боюнча 189 өлкөдөн 127-орунду ээлейт);
- ченемдик-укуктук актыларынын комплексин иштеп чыгуу (ишкердүүлүк түзүмдөрү үчүн негизделбеген жана көлөмдүү талаптарды жок кылуу, ошондой эле ашыкча жөнгө салынган бизнес-коомчулуктун чыгымдарын кыскартат);
- Эмгекчилердин ден соолугун жакшыртуучу фондго чегерүүлөрдү жокко чыгаруу – социалдык чегерүүлөр тутумун жакшыртуу (Соцфонддун отчеттуулугу менен салык отчетун бириктирип, ишкерлер электрондук отчетту берүүгө ыңгайлуу болмок);
- өндүрүш ишканаларынын техникалык кайра жабдууга жеңилдиктерди берүү (КРнын «Таза коом» Санариптик трансформация программасына ылайык өзгөчө кайра иштетүүчү өндүрүштү жана жогорку технологияларды);

- калпычы ишкердүүлүккө каршы күрөшүүнү күчөтүү (жалган эсеп фактуралары - мыйзамсыз акча «адалдоонун» жолу);
- онлайн режиминде товарларды жана кызматтарды иштетүүдө Салык кызматынын автоматташтырылган транспаренттүүлүнүн программасын иштеп чыгуу жана киргизүү (акча агымдарынын кыймылын ачык болушун камсыздоого мүмкүндүк берет, көмүскөдө нак акчаны жүгүртүүнү кыскартуу).

Жогоруда айтылган чаралардан сырткары Кыргызстандагы салык тутумунун коньюктурасы салык салуу мүмкүнчүлүгүнөн көз каранды. Салык салуунун мүмкүнчүлүгү – бул мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүнүн негизинде ишке ашат. Салык салуунун мүмкүнчүлүгүн, биз ойлойбуз, бул бюджетти көбөйтүү расмий эсептен жашырылган салыкка чегерүү аркылуу чыныгы ресурс катары кароого болот.

Киреше салыгы боюнча көмүскө экономиканын жалпы салык салуу потенциалын эсептөөнү жана анын КРнын мамлекеттик бюджетинин киреше бөлүгүнүн көбөйүүсүнө таасирин баалоого аракет жасадык.

$$\text{СП}_{\text{жалп}} = \sum_{t}^{x}(\text{СП}_{\text{а.э.х.}} + \text{СП}_{\text{к.э.х}}$$

Бул жерде $\text{СП}_{\text{жалп}}$ – жалпы салык потенциалы(мүмкүнчүлүгү), $\text{СП}_{\text{а.э.х.}}$- ак экономика х-га карата, $\text{СП}_{\text{к.э.х}}$ – көмүскө экономика потенциалы х – дын көмүскө экономикага салыгы, t-убакыт.

4.Жадыбал – 2011-2016-жж. киреше салыгына карата «ак» экономиканын салык потенциалын талдоо.

| **Көрсөткүчтөр** | **2011 г.** | **2012 г.** | **2013 г.** | **2014 г.** | **2015 г.** | **2016 г.** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Киреше салыгы боюнча салык базасы, млн. сом | 198 042,8 | 250 535,1 | 289 481,5 | 320 145,5 | 324 244,4 | 334 270,2 |
| Киреше салыгы (божомол) млн. сом | 3 234,72 | 6 091,7 | 7 019,5 | 7 840,0 | 8 304,3 | 9 250,0 |
| Киреше салыгы (факт) млн. сом | 4 852,4 | 5 969,8 | 6 317,5 | 7 134,4 | 6 975,6 | 8 510 |
| Киреше салыгынын коэффициенти | 1,5 | 0,98 | 0,9 | 0,91 | 0,84 | 0,92 |
| Киреше салыктын салык потенциалы, млн. сом | 3 235,4 | 6 107,3 | 7 000,0 | 7 841,0 | 8 344,4 | 9 208,8 |
| Ак экономикада салык потенциалын колдонуу даражасы, % боюнча | 150 | 102,3 | 90,3 | 91,0 | 83,6 | 92,4 |

4-жадыбалда көрүнүп тургандай, 2011-жылы ак экономиканын киреше бөлүгүнүн салык потенциалы 150%, 2012-ж. 102,3% дан 83,6%га ылдыйлашын көрсөттү, бул салык потенциалын толугу менен колдонулганын билдирет.

5. Жадыбал - 2011 – 2016-жж. киреше салыгына карата көмүскө экономиканын салык потенциалын талдоо.

| Көрсөткүчтөр | 2011 г. | 2012 г. | 2013 г. | 2014 г. | 2015 г. | 2016 г. |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Калктын кирешелери, млн. сом | 267 777,2 | 332 077,6 | 380 271,7 | 420 335,3 | 428 951,5 | 444 508,2 |
| Социалдык трансферттер, млн. сом | 69734,4 | 81542,5 | 90790,2 | 100189,8 | 104707,1 | 110 238,0 |
| Киреше салык боюнча чегерүүлөр, млн. сом | 19 804,3 | 25 053,5 | 28 948,2 | 32 014,5 | 32 424,4 | 33 427,0 |
| Киреше салык(факт), млн сом | 4 851,4 | 5 954,2 | 6 336,9 | 7 133,4 | 6 935,5 | 8 551,2 |
| Калктын кирешелери (божомол көрсөткүчтөр), млн. сом | 205 032 | 236 552,6 | 269 328,2 | 308 115,0 | 351 571,6 | 357 825,3 |
| Экономиканын көмүскө секторлорунун кирешелери, млн.сом | 62 745,3 | 95 525,0 | 110 943,5 | 112 220,3 | 77 379,9 | 86 628,9 |
| Экономиканын көмүскө секторлорунун потенциалы | 6 274,53 | 9 552,5 | 11 094,3 | 11 222,0 | 7 738,0 | 8 668,2 |

5-жадыбалга ылайык, 2012-ж. экономиканын көмүскө секторлорунун кирешелери үзгүлтүктүү болуп, 112 220,3 млн. сомду түздү, ал эми 2011-жылы 62 745,3 млн. сом кичине көлөмдү көрсөттү. Ошого жараша «ак» экономиканын кошумча ресурсу катары болгон салык потенциалы өзгөргөн.

6.Жадыбал - 2011-2016-жж. мамлекеттик бюджеттин киреше салыгына чегерүүлөрдүн наркы

| Көрсөткүч | 2011 г. | 2012 г. | 2013 г. | 2014 г. | 2015 г. | 2016 г. |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Бюджеттин кирешеси, млн. сом | 77 880,4 | 87 008,1 | 101 940,9 | 119 428,2 | 128 422,9 | 130 665,2 |
| Салык кирешелери, млн. сом | 53 017,4 | 63 911,4 | 72 842,4 | 82 639,1 | 84 655,2 | 93 810,0 |
| Жеке жактарыдан киреше слыактар, млн. сом | 4 851,4 | 5 954,2 | 6 336,9 | 7 133,4 | 7 802,4 | 8 552,0 |
| Көмүскө экономиканын салык потенциалы, млн. сом | 6 274,5 | 9 552,5 | 11 094,0 | 11 222,0 | 7 738,0 | 8 668,2 |

6-жадыбалдын маалыматына караганда, киреше салыгынын чегерүүлөрүнүн өсүү динамикасы 4851,4 млн. сомдон 8 552,0 млн. сомго өсүүсү же 43,3% түздү. Бул калктын жумуш менен камсыз болушун жогорулап жатканын билдирет.

7. Жадыбал - 2011-2016-жж. көмүскө экономиканын салык потенцилынын эсеби менен бюджеттин киреше бөлүгүнүн жогорулашы

| көрсөткүчтөр | 2011 г. | 2012 г. | 2013 г. | 2014 г. | 2015 г. | 2016 г. |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Бюджетттин кирешелери, млн. сом | 84 155 | 96 561 | 113 035 | 130 650 | 136 161 | 139 333 |
| Салык кирешелери, млн. сом | 59 292 | 73 464 | 73 952 | 93 861 | 92 393 | 180 492 |
| Жеке жактарыдан киреше слаыктар, млн. сом | 11 126 | 15 507 | 7 446 | 18 355 | 15 540 | 95 234 |
| Бюджеттин кирешесинин көбөйүшүнүн наркы , в % | 7,5 | 10 | 10,8 | 8,6 | 5,7 | 6,2 |

Аткарылган эсеп-кысапка ылайык (7-жадыбал), талдоого алынган убакыт ичинде көмүскө экономиканын киреше салыгы боюнча салык потенциалынын эсебинин негизинде бюджеттин кирешесинин көбөйүшүнүн орточо наркы 8,2% түздү. Ушуга ылайык жашырылыган кирешелер «көмүскөдөн» чыгарылса, салык базаны кеңейтүүгө мүмкүн болмок.

Салык чөйрөнү оптималдаштыруудан башка, укук тартиби, институционалдык, техникалык, алдын алуучулук жана экономикалык чараларды изилдеп чыктык. Ушул багыттар боюнча төмөнкүдөй чараларды сунуштадык:

- капиталды кайтаруунун квалификациялык чараларын иштеп чыгуу, капиталдарды репатриациялоонун натыйжалуу программаларын трансформациялоо жана аларды өлкөнүн инвестициялык потенциалына айлантуу;
- тышкы экономикалык жана ички чарбачылык ишмердүүлүгүн башкаруу жолдорун жакшыртуу;
- салыктардын маалымат базасын башкарууну жакшыртуу;
- орто мөөнөттүү убакытта мамлекеттик максаттуу программасын иштеп чыгуу;
- нак акча жүгүртүүнү кыскартуу жана нак акча эмес эсеп-кысапты барктоо;
- «Соода-сервис ишканаларында пос-терминалдарын милдеттүү түрдө орнотуу» КРнын мыйзамын иштеп чыгуу жана киргизүү;
- «Бюджеттик айкындык». «Экономикалык карта» интернет порталдарын колдоо жана алдыга жылдыруу;
- КРнын Каржы министирлигинин ведомство астындагы бөлүмдөрүнүн жана КРнын Өкмөт аппаратынын коррупцияга каршы саясат бөлүмүнүн кызматкерлери үчүн коррупцияга каршы билим алууга атайын семиналарды ишке ашыруу;
- коррупциялык тобокелдерди алдын алууга жарандык коом менен мамлекеттик органдар ортосунда натыйжалуу кызматташтыкты киргизүү;
- коррупцияга каршы иш-аркеттер боюнча чараларды жарыкка чыгарууда ММКынын (СМИ) көмөк көрсөтүүсү менен биргелешкен иш-аракетин камсыз кылуу;
- коррупциялык басым менен рейдерлик конкреттүү кырдаал боюнча бизнес-коомчулукка кайрылууну ыкчам кароо;

- ар кандай кызматты көрсөтүп жана товардын чыныгы көлөмүн аныктоо менен сандык коэффициентине баа берүүнү сунуштаган, базарда, мекемелерде көптөгөн көзөмөлдөө чараларын ишке ашыруу.

## КОРУТУНДУ МЕНЕН СУНУШТАР

1. «Көмүскө экономика – мамлекеттин бюджетине, анын экономикасына, коомуна жана аягында улуттук коопсуздукка экономикалык залалын тийгизген, негизсиз пайда көрүүнү мүнөздөгөн ар кандай ишмердүүлүктү өзүнө алган экономикалык категория жана экономикалык көрүнүш болуп эсептелет».

2. Расмий экономикага карата көмүскө экономиканын түзүмү 3 түргө бөлүнөт:

- экинчилик экономика (ак жакалуу);
- боз (формалуу эмес) экономика;
- кара (жашыруун) экономика.

3. Көмүскө экономиканын келип чыгышына жана өнүгүшүнө шарт түзгөн негизги факторлор:

- экономикалык;
- социалдык;
- укуктук.

4. Коррупция – өлкөнүн социалдык-экономикалык өсүүсүн басаңдатуучу, калкты дифференциациялоону күчөтүүчү, коомго тескери таасир этүүчү, социалдык адилеттүүлүк принциптерине жол тосуучу, өлкөнүн мыйзамын, укутарын жана жарандардын кызыкчылыгын сыйлабоочу өзгөчө коркунучтуу көрүнүш.

5. Көмүскө экономиканы мамлекеттик жөнгө салуу иш-аракеттерин модернизациялоону сунушталды.

6. Киреше салыгы боюнча көмүскө экономиканын салык төлөө мүмкүнчүлүгүн эсептөөнү колдонуу менен КРнын мамлекеттик бюджети орто өсүшү 8,2%га жогорулагандыгы эсептелген.

## Диссертациянын мазмуну изденүүчүнүн төмөнкү эмгектеринде чагылдырылган:

1. Бозиева, З.А. Теневая экономика в Кыргызстане и пути ее преодоления [Текст] / З. А. Бозиева // «Проблемы обеспечения экономических и правовых основ устойчивого развития Кыргызстана» (Бишкек мамлекеттик экономика жана коммерция институту), Бишкек, 2003. 211-214-бб.

2. Бозиева, З.А. Теневое предпринимательство в рыночной экономике [Текст] / З. А. Бозиева // «Экономика в процессе перехода к рынку» (КТУ «Манас»), Бишкек,2003. 160-166-бб.

3. Бозиева, З.А. Проблемы борьбы с коррупцией в Кыргызстане [Текст] / З. А. Бозиева // «Финансовая политика в процессе перехода к рынку» (КТУ «Манас»), Бишкек, 2004. . 130-136-бб.

4. Бозиева, З.А. Коррупция. Как с ней бороться? [Текст] / З. А. Бозиева // «Проблемы обеспечения устойчивого роста и социальной стабильности в Кыргызстане» (КЭУ), Бишкек, 2005. С.86-92.

5. Бозиева, З.А. Объемы и механизмы функционирования теневой экономики в КР. [Текст] / З. А. Бозиева // (ЭБУКжБА), Бишкек, 2006..29-34-бб.

6. Бозиева, З.А. Теневая экономика и особенности ее проявления [Текст] / З.А.Бозиева // «Инновации в образовании: проблемы и пути решения (ЭБУКжБА), Бишкек,2007., 142-147-бб.

7. Бозиева, З.А. Измерение теневой экономики [Текст] / З.А.Бозиева //АКИpress, №2, Бишкек, 2008. 25-27-бб.

8. Бозиева, З.А. Проблема существования теневого сектора в малом и среднем бизнесе [Текст] / З.А.Бозиева // КРСУнин Жарчысы, том 9, № 9, Бишкек, 2009. 134-137-бб.

9. Бозиева, З.А. Специфика сегментов и общие закономерности развития «серой» неформальной экономики в условиях мирового финансового кризиса [Текст] / З. А. Бозиева // Ж .Баласагын ат.КМУнин Жарчысы, №1, Бишкек, 2009. 186-190-бб.

10. Бозиева, З.А. Налогоуклонение как форма ухода в теневую экономику[Текст] / З.А.Бозиева // Экономика №1(15), Бишкек, 2013. 86-90-бб.

11. Бозиева, З.А. Криминальная глобализация экономики [Текст] / З.А.Бозиева // Кыргыз Республикасында жогорку билим берүү № 1(13), Бишкек, 2013. 70-72-бб.

12. Бозиева, З.А. Тенденции теневой экономики в сфере наркобизнеса [Текст] / З.А.Бозиева // «Непрерывное профессиональное образование: теория и практика», Новосибирск, 2014. 48-50-бб.

13. Бозиева, З.А. Коррупция как один из факторов угрозы экономической безопасности КР [Текст] / З.А.Бозиева // КЭУнун Жарчысы, №3 (30), Бишкек, 2014. 80-82-бб.

14. Бозиева, З.А. Уровень и масштабы теневой экономики в КР[Текст] / З.А.Бозиева // КРСУнун Жарчысы, том 16, №2, Бишкек, 2016. 10-12-бб.

15. Бозиева, З.А. Коррупция как элемент теневой экономики в КР[Текст] / З.А.Бозиева // Проблемы современной науки и образования, №8 (50), Москва,2016. 81-85-бб.

16. Бозиева, З.А. Теневая экономика и вопросы формирования государственного бюджета Кыргызской Республики [Текст] / З.А.Бозиева // Проблемы современной науки и образования, №19 (61), Москва, 2016. 62-65-бб.

**Бозиева Зухра Ахиевнанын “Көмүскө экономика жана анын Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетинин калыптануусуна тийгизген таасири” аттуу темадагы 08.00.05 – “Экономика жана эл чарбачылыгын башкаруу” жана 08.00.10 – “Каржы, акча жүгүртүү жана насыя” адистиктер боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык изилдөөсүнүн**

# РЕЗЮМЕСИ

**Түйүндүү сөздөр:** көмүскө экономика, мамлекеттик бюджет, коррупция, “акчанын изин жашыруу”, салыктан баш тартуу, экономикалык коопсуздук, мамлекеттик жөнгө салуу.

**Изилдөөнүн объектиси:** Көмүскө экономика Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетинин калыптануусуна тийгизген таасири жана аны кыскартуудагы көйгөйлөр.

**Изилдөөнүн предмети:** Көмүскө экономиканын өнүгүшүнө шарт түзгөн факторлор жана аны кыскартуу боюнча чаралар.

**Изилдөөнүн максаты:** Көмүскө экономиканын көйгөйлөрүн чечүүнүн теориялык-методологиялык негиздери жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетинин калыптануусуна тийгизген таасирин баалоо боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн методдору:** аналитикалык, статистикалык, экономикалык, тутумдук жана логикалык салыштыруу методдору.

**Алынган жыйынтыктар:** көмүскө экономиканын көйгөйлөрүнө болгон мамилелер тереңдетилди жана системалаштырылды, көмүскө экономиканын келип чыгышы менен өнүгүшүнүн факторлору аныкталды, аны кыскартуу боюнча практикалык сунуштар иштелип чыкты, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетинин көбөйүшүнүн мүмкүнчүлүктөрү аныкталды.

**Колдонуу деңгээли**: изилдөөнүн жыйынтыгын Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн стратегияларын, республиканын бюджетин калыптандырууда экономикалык кылмыштуулук боюнча күрөшүү мамлекеттик программаларды иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн.

**Колдонуу тармагы:** изилдөөдөгү сунуштар көмүскө экономиканын кыскартуу процесстери боюнча мамлекеттик жөнгө салуу системасын жакшыртуу чараларын аныктоодо, ошондой эле жогорку билим берүү тутумунда колдолунушу мүмкүн.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Бозиевой Зухры Ахиевны на тему «Теневая экономика и ее влияние на формирование государственного бюджета Кыргызской Республики», представленной на соискание ученой степени кандидата экономических наук по специальностям: 08.00.05 - «Экономика и управление народным хозяйством» и 08. 00. 10. - «Финансы, денежное обращение и кредит»**


**Ключевые слова:** теневая экономика, государственный бюджет, коррупция, «отмывание денег», налогоуклонение, экономическая безопасность, государственное регулирование.

**Объектом исследования** является теневая экономика, проблемы её сокращения и влияния на формирование государственного бюджета Кыргызской Республики.

**Предметом исследования** являются факторы, способствующие развитию теневой экономики и меры по ее сокращению**.**

**Цель исследования**: теоретико-методологическое обоснование решений проблем теневой экономики и разработка предложений по оценке ее влияния на формирование государственного бюджета Кыргызской Республики.

**Методы исследования**: аналитические, статистические, экономические, методы системного и логического сравнения.

**Полученные результаты**: углублены и систематизированы теоретические подходы к проблеме теневой экономике, выявлены факторы, способствующие возникновению и развитию теневой экономики, разработаны практические предложения и рекомендации по сокращению теневой экономики, а также возможности увеличения государственного бюджета Кыргызской Республики.

**Степень использования**: результаты исследования могут быть использованы при разработке стратегии социально-экономического развития Кыргызской Республики, государственной программы борьбы с экономической преступностью при формировании государственного бюджета республики.

**Область применения:** содержащиеся в работе рекомендации и предложения могут быть использованы при определении мер совершенствования системы государственного регулирования по сокращению процессов теневой экономики, а также в системе высшего образования.

**SUMMARY**

**dissertations of Bozieva Zukhra Ahievna on the topic "The shadow economy and its influence on the formation of the state budget of the Kyrgyz Republic", presented for the degree of economic sciences candidate in the specialties: 08.00.05 - "Economics and management of the national economy" and 08. 00. 10. - "Finances, money circulation and credit"**

**Key words**: shadow economy, state budget, corruption, money clearance, tax evasion, economic security, state regulation.

**The object of the study** is the shadow economy, the problems of its reduction and influence on the formation of the Kyrgyz Republic state budget.

**The subject of the study** are factors contributing to the development of the shadow economy and measures to reduce it.

**The purpose of the research**: the theoretical and methodological justification of solutions to the problems of the shadow economy and the development of proposals for assessing its impact on the formation of the state budget of the Kyrgyz Republic.

**Research methods:** analytical, statistical, economic, methods of system and logical comparison.

**The results obtained:** the theoretical approaches to the shadow economy problem are deepened and systematized, factors that contribute to the emergence and development of the shadow economy are identified and structured, their criteria are defined, practical proposals and recommendations for reducing the shadow economy are developed, as well as the possibilities for increasing the state budget of the Kyrgyz Republic.

**Degree of use:** the results of the study can be used to develop a strategy for socio-economic development of the Kyrgyz Republic, a state program to combat economic crime in the formation of the state budget of the republic.

**Application area:** the recommendations and proposals contained in the proceedings can be used in determining measures to improve the system of state regulation to reduce the processes of the shadow economy, as well as in higher education.

Форматы 60х84 $^{1}/_{16}$
Офсет кагазы. Арибы «Times». көлөмү 1,75 б.т.
Офсет ыкма менен. нускасы 100 даана..
«Аракет-Принт» басмаканада басылды